



### Кыргызстан – Электр энергиясын санариптештирүү долбоору

# Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүүнүн планы




Датасы: 20.11.2023

Нускасы: А

Шилтеме: c23-g

Даярдаган: ЕРӨБ

Долбоор даярдалган: КУЭТ

# Кыскартуулар

| | |
|---|---|
| ЕРӨБ | Европанын реконструкция жана өнүктүрүү банкы |
| Э жанаС | Экология жана социалдык |
| КУЭТ | Кыргыз Улуттук Электр тармактары |
| ДИАБ | Долбоорду ишке ашыруу бөлүмү |

# Мазмуну

D. Бүгүнкү күнгө карата кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар ........ 5
D.1 КУЭТ башкармалыгы ........ 5
D.2 Долбоор жөнүндөгү маалыматты ачыктоо жана аны коомчулукка маалымдоо каражаттарында чагылдыруу ........ 5
D.3 Датанууларды кароо механизми ........ 5
E. Кызыкдар тарапты идентификациялоо жана талдоо ........ 6
E.1 Кызыкдар тараптар жана керектүү маалыматтар ........ 6
E.2 Массалык маалымат ........ 6
E.2.1 Калктын өкүлдөрү аркылуу байланыш ........ 6
E.2.2 Компаниянын веб-сайты ........ 6
E.3 Аялуу катмар болгон кызыкдар тараптар ........ 7
E.4 Долбоордун кызыкдар тараптары жана маалыматты ачыктоонун ыкмалары ........ 7
F. Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү механизми ........ 9
F.1 Мекеме........ 9
F.2 Ички мониторинг жана отчеттуулук ........ 10
F.3 Даттанууларды кароо механизми ........ 10

# Таблица

1 таблица - Долбоордун кызыкдар тараптары жана маалыматты ачыктоонун ыкмалары
2 таблица – Даттануунун базасы
3 таблица – Даттануу формасы

## Киришүү

Европанын реконстукция жана өнүктүрүү банкы («ЕРӨБ» же «Банк») Кыргыз Республикасына каржы бөлүп берүүнү карап жатат. Банктан бөлүнгөн акча каражаттар Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Чүй облустарында жана Түп районунда 160 миң кожолукка акылдуу электр эсептегичтерин орнотуу жана эски электр кабелдерди алмаштыруу үчүн жумшалат. Долбоор электр энергиясынын жоготууларын кыскартууга алып келет деп күтүлүүдө. Электр энергиясынын жоготуулары 2023-жылдын сентябрь айына 13% түзөт. Долбоор Банктын мурунку «Ош электро» жана «Чыгыш электр» реабилитациялоо долбоорлорунун каржылоосунун уландысы болуп саналат, долбоордун ишке ашыруусу менен  жоготуулар 15%дан 13%ке чейин кыскарган.


Долбоордун алкагында кызыкдар тараптардын өз ара аракеттешүү планы (КТӨП) тараптардын менен өз ара мамиле түзүү ыкмасын көрсөтөт.

КТӨП ошондой эле ЕРӨБнын 10чу талабында (2019-жылдагы Экологиялык жана социалдык саясаттын алкагында), камсыздоого багытталган инструмент «Маалыматтын ачыкка чыгышы жана кызыкдар тараптардын катышуусу» ылайык болуп саналат.

## А. Долбоордун мүнөздөмөсү

Долбоор Чүй, Жалал-Абад, Ош облустарынын жана Түп районунун электр бөлүштүрүүчү тармактарын модернизациялоого багытталган. Модернизациялоо процесси 160 миң кожолукту камтыйт. Модернизациялоо акылдуу эсептегичтерди орнотууну жана төмөнкү чыңалуудагы (0,4 кВ) линияларды калыбына келтирүүнү көздөйт.

***1 сүрөт – Долбоордун жайгашкан жери***



Долбоордун негизги максаты – аймактардагы электр энергияны бөлүштүрүүчү тармакдагы коммерциялык жана техникалык жоготууларды азайтууну көздөйт. Техникалык жоготуулар көбүнчө бөлүштүрүүчү инфраструктуранын начар абалында экенин көрсөтөт.

Коммерциялык жоготуулардын ар кандай себептери бар, анын ичинде:

- Электр энергиясын уурдоо:
    - Электр линияларына түз кошуу
    - Эсептегичтерди кыйгап өтүү
    - Эсептегичтерди ачып бурмалоо
- Төлөмдөр чынжырын башкаруу маселелери
    - Төлөө эсептеринде эсеп каталары
    - Төлөмдөрдүн аз чогулушу

Долбоор Чүй, Жалал-Абад, Ош облустарындагы жана Түп районунундагы төмөнкү вольттогу бөлүштүрүүчү тармактарды модернизациялоону камтыйт. Долбоор табигый чөйрөдөн алыс жерде ишке ашырылат.

Долбоор төмөнкү техникалык компоненттерди камтыйт:

- 0,4 кВ линияларын алмаштыруу. Изоляцияланган кабелдерди колдонуу. Алмаштыра турган кабелдердин так узундугу азырынча тактала элек.
- Бардык кардарлар үчүн автоматтык эсептөө жана эсепке алуу системаларын (акылдуу эсептегичтер) орнотуу.

Долбоордун болжолдуу мөөнөтү:

- Долбоорду каржылоо боюнча келишим түзүү: 2023 жыл
- Долбоорду даярдоо жана ишке ашыруу (акылдуу эсептегичтерди орнотуу жана төмөнкү чыңалуудагы линияларды реконструкциялоо): 2024-2025 жылдар.

## B. Электр энергиясын керектөөчүлөрү үчүн кесепеттер

Долбоор электр энергиясын керектөөчүлөр үчүн төмөнкүдөй натыйжаларды берет:

- Электр менен камсыз кылуунун сапаты бир аз жогорулайт (туруктуу электр чыңалуусу жана техникалык себептерден келип чыккан үзгүлтүктөрдүн санын азаят), бирок бул жакшыртуу керектөөчүлөр тарабынан туура кабыл алынышы күмөн. Себеби керектөөчүлөр үчүн негизги маселе электр энергиясын керектөөнүн чектөөсү болуп саналат. Бир фазаны колдоонучулар үчүн 5 киловаттан жана үч фазаны колдоонучулар үчүн 10 киловатка чейин кана пайдалануу керек.

- Изоляцияланган кабелдер менен эсептегичтерди киргизүү менен электр энергиясын уурдоо өтө кыйындайт. Учурда электр энергиясын уурдаган керектөөчүлөр колдоонусун улантууну каалаorigin, электр энергиясы үчүн тиешелүү төлөмдөр төлөшү керек болот.

- Жаңы төлөм ыкмалары киргизилет. Долбоордун аймактарында онлайн же аралыктан төлөө мүмкүн болот (интернет аркылуу же көчөдөгү терминалдарды колдонуу). Учурда төлөмдөрдү үймө үй кыдырып, эсептегичтерди текшерип, кайра кеңсеге келип, эсептеп, басып чыгарып, эсепти кардарга беришет.

Кардарлар төлөмдөрдү түздөн-түз электр кызматкерине, банктарга же КУЭТынын кеңселерине төлөй алышат.

- Керектөөчүлөр автоматтык түрдө алган маалыматты жана сигналдарды ылайыкташтыра алышат.

## C. Долбоорду мыйзамдуу түрдө ачыкка чыгаруу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, долбоор экологиялык жана социалдык маалыматты ачыкка чыгарууга милдеттүү эмес.

## D. Бүгүнкү күнгө карата кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар

### D.1 КУЭТ башкармалыгы

КУЭТынын өздүк веб сайты бар, ал жерде компания жана анын ишмердүүлүгү жөнүндө жалпы маалыматты тапса болот.

Компаниянын сайты https://www.nesk.kg жана төмөнкү байланыш линиялары бар:

- Кабылдама кызматкеринин телефон номери
- Иш кагаздар бөлүмүнүн телефон номери жана электрондук дареги
- Пресс-борбордун телефон номери жана электрондук дареги
- 24/7 колл-борбордун/ыкчам линиянын телефон номери

КЭУТна кайрылуулар көбүнчө жумушка орношуу суроосу менен кайрылышат.

### D.2 Долбоор жөнүндөгү маалыматты ачыктоо жана аны коомчулукка маалымдоо каражаттарында чагылдыруу

Долбоор улуттук мыйзамдар тарабынан талап кылынган ачык маалыматка дуушар болбойт.

Долбоор тууралуу маалымат гезиттерде же телевидениеде жарыяланган эмес. Калктын басымдуу көпчүлүгү бул тууралуу кабардар эмес деп болжолдонууда. КУЭТ долбоорду каржылоо келишимине кол коюлгандан кийин, долбоор тууралуу коомчулукка жарыялоого ниеттенүүдө.

Бир нече кызыкдар тараптар, долбоор (же анын айрым компоненттери) жөнүндө кабардар. Алар КУЭТынын кызматкерлери болуп саналат.

### D.3 Даттанууларды кароо механизми

КУЭТы тышкы кызыкдар тараптардын кооптонуусун чечүү үчүн даттануу механизминин формасына ээ эмес (**Ката бөлүмүн караңыз! Маалымат булагы табылган жок**).

Кардарлардан же жарандардан келген суроо-талаптар көбүнчө тейлөөнүн үзгүлтүккө учурашына же техникалык себептерге байланыштуу. Көпчүлүк арыздарды 24/7 режиминде ыкчам линия жана төлөмдөрдү чогулткан кызматкерлер аркылуу түздөн-түз кабыл алат. Арыздар каалаган убакта тапшырылат.

Даттануулар техникалык же коммерциялык мүнөзүнө жараша, жетекчилик тарабынан

чечүү милдеттери тиешелүү адистерге жүктөлөт. Бирок датануулларды кароонун эффективдүү механизми жок болгондуктан, аны чечүүнүн процесси жана мөөнөттөрү так эмес.

Бардык даттанууларды өз убагында жана натыйжалуу чечүү үчүн КУЭТы бардык филиалдарында кабыл алынуучу даттануу механизмин иштеп чыгуу маанилүү.

## E. Кызыкдар тарапты идентификациялоо жана талдоо

### E.1 Кызыкдар тараптар жана керектүү маалыматтар

Долбоордун кызыкдар тараптары бул долбоорго же анын натыйжаларына түздөн-түз жана/же кыйыр түрдө (оң же терс) таасир эткен же кызыкдар болгон адамдар же топтор.

Керектөөчүлөрдү негизинен тейлөөнү жакшыртуу, тарифтерди өзгөртүү, төлөм ыкмалары жана өчүрүү коркунучу менен байланышкан маселелер кызыктырат.

Долбоордун алкагында кызыкдар тараптарды өз ара аракеттешүү үчүн кыргыз тили ылайыктуу тил болуп саналат.

### E.2 Массалык маалымат

#### E.2.1 Калктын өкүлдөрү аркылуу байланыш

Кызыкдар тараптарды иш алвп баруунун биринчи этабы калкка маалымат берүүгө жана долбоор тууралуу толук маалыматты жеткирүүгө багытталат. Төмөнкү ыкма сунушталат:
o Биринчи этапта жергиликтүү бийлик жана жетекчилер менен семинар өткөрүү керек:

- Муниципалитете
- Акылдуу эсептегичтерди орнотуу процессин үзгүлтүккө учуратпоо үчүн, Ак Ордо 2 жана Ак ордо 3 конушунда жашаган жергиликтүү калк үчүн жер тилкелерин каттоо процессин тездетүүгө көмөктөшүү сунуштайт.
- Жогорку бийликтеги жетекчилер
- Диний лидерлер

o Экинчи этапта район жетекчилери жана мектеп мугалимдери менен семинар өткөрүү керек:

- Райондун башчылары андан кийин өздөрүнө тиешелүү райондордогу жарандарга маалымат беришет.
- Райондун башчылары негизинен эркектер, алар негизинен эркектер менен иш алып барышат.

#### E.2.2 Компаниянын веб-сайты

Компаниянын негизги веб-сайтында төрт аймактык электр тармактар ишканасынын арналган баракчасы бар.

Веб-сайттагы маалымат электр энергиясын керектөөчүлөрүнө жана жалпы коомчулук үчүн маалыматтын негизги булагы.
Алар төмөнкү маалыматты камтышы керек:

o Жаңыланган тарифтик маалымат
o Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү
o Жаңы төлөм ыкмалары
o Суроолор, даттануулар жана кайрылуу механизмдери.
o Көп берилүүчү суроолор
o Үзгүлтүксүз жаңыртуулар (мисалы, "жаңылыктар" баракчасы аркылуу) компаниянын иш аракети
o Байланыш маалыматтары

### Е.3 Аялуу катмар болгон кызыкдар тараптар

Аялуу топтор булар жынысы, этникалык таандыгы, жашы, физикалык же психикалык жактан майыптыгы, экономикалык жетишсиздиги же социалдык статусу боюнча долбоор тарабынан башкаларга караганда терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон жана алардын талап кылуу же пайда алуу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар катары аныкталат.
Долбоордун конкреттүү контекстинде аялуу адамдарга төмөнкүлөр кирет:

- Долбоордун ишке ашырылышына карабастан жана кандайдыр бир себептерден улам төлөмдөрүн төлөөдө убактылуу, маал-маалы менен же туруктуу кыйынчылыктарга дуушар болгон жана өчүрүү коркунучуна туш болгон адамдар.
- Долбоорду ишке ашырууда кандайдыр бир себептерден улам төлөмдөрдү төлөө кыйынчылыктарына дуушар болгон адамдар. Мисалы, аларга төлөө ыкмалары тоскоолдук жаратат.

Долбоордун экологиялык жана социалдык иш-чаралар планы ЕРӨБ жана КУЭТары менен макулдашылган, анын алкагында акылдуу эсептегичтер орнотулгандан кийин бир жыл ичинде белгиленген 5 күндүк мөөнөттө төлөмдөрүн төлөбөгөн кардарларга аймактык филиалдардын өкүлдөрү байланышы керек. Кайрылуу аркылуу кардарды:

- Жашабаганына байланыштуу аз керектөө: бул учурда кийинки айга чейин күтүү жана электр энергиясы өчүрүлбөйт.
- Аялуу катмар(жашы же майыптыгы боюнча же башка мыйзамдуу себептерден улам төлөй албагандар): аныкталган аялуу кардарларга социалдык колдоо көрсөтүүчү муниципалдык мекемелерге кайрылуу жана каттоодон өтүүгө көрсөтмөлөрдү берүү.
- Башкалар: электр жарыгы өчүрүлгөнгөнгө чейин төлөм үчүн эскертүүгө кошумча 5 күн берилет.

Бул өткөөл механизм ар бир кардар үчүн бир жылга созулат жана андан соң аяктайт.

## Е.4 Долбоордун кызыкдар тараптары жана маалыматты ачыктоонун ыкмалары

1 таблицада учурда белгилүү болгон кызыкдар тараптарды аныктайт жана долбоорду даярдоо жана ишке ашыруу учурунда аларга маалыматты кантип бериле тургандыгы көрсөтөт.
Маалымат таратууга жергиликтүү бийлик башчыларын жана мектеп мугалимдерин тартуунун себеби гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу болуп саналат: район башчылары көбүнчө эркектер менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсө, мектептеги ата-энелер чогулушуна көбүнчө аялдар катышат.

***1 таблица - Долбоордун кызыкдар тараптары жана маалыматты ачыктоонун ыкмалары***

| **Кызыкдар тараптар** | **Эмнени ачыктоо керек** | **Кантип** | **Качан** |
|---|---|---|---|
| Аймактык коомчулук | Долбоор жөнүндө жалпы маалымат жана компаниянын байланыш маалыматы | Сайтында жарыяланат | Долбоор башталганга чейин |
| Аймактык массалык каражаттар | Долбоор тууралуу маалымат | Пресс релиз УТР | Долбоор башталганга чейин |
| Жергиликтүү бийлик жана жетекчилер (Муниципалитет, жогорку кызмат адамдары, диний лидерлер) | Долбоор, жаңы төлөм ыкмалары жана жаңы өчүрүү эрежелери боюнча маалымат | Семинар | Долбоорду ишке ашырууга 4 ай калганда семинар (акылдуу эсептегич орнотуу жана киргизүү жаңы төлөм ыкмалары) башталат |
| Райондун жетекчилери жана мектеп мугалимдеринин | | Райондун акими андан кийин өз аймагындагы жарандарга маалымат берет.<br><br>Мектеп мугалимдери ата-энелер чогулушу аркылуу ата-энелерге маалымат беришет | . 3 жарым ай мурун Долбоорду ишке ашыруу (акылдуу эсептегичти орнотуу жана жаңы төлөм ыкмаларын киргизүү) башталат |
| Аймакттык крекетөөчүлөр | Жаңы төлөмдөр жана электр энергиясын өчүрүү тууралуу маалымат | Брошюралар төлөм чогултуучулар аркылуу таркатылат жана коомдук жайларда жеткиликтүү болот<br><br>Аймактык филиалдын сайттарында маалымат жайгашат<br><br>Жергиликтүү маалымат каражаттары аркылуу байланышуу | Долбоорду ишке ашырууга 3 ай калганда (акылдуу эсептегичти орнотуу жана жаңы төлөм ыкмаларын киргизүү). |
| | Пландаштырылган тейлөө үзгүлтүктөрү | Төлөмдөрдү жайгаштыруу<br><br>Райондун жетекчилигине мааламат берүү | Бузууга чейин 5 күн мурда |
| | Эсептин төлөнбөгөндүгүнө байланыштуу өчүрүү коркунучу | Физикалык жолугушуу же телефон аркылуу байланышуу белгиленген мөнөөттө төлөбөгөн кардарлар менен | Жаңы эсептегичтер орнотулгандан кийин бир жылдын ичинде жана жаңы төлөм ыкмасын киргизүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1чи жана 2чи категориядагы аялуу кардарлар | Долбоор тууралуу маалымат<br><br>Пландаштырылган тейлөө үзгүлтүктөрү | Жолугушуу, телефон аркылуу байланышы<br><br>Жаңы эсептегичтер орнотулгандан кийин бир жылдын ичинде жана жаңы төлөм ыкмасын киргизүү | Өчүүрүүгө чейин 10 күн мурда |
| Шаардык жол милициясы | Пландаштырылган жол кыймыл үзгүлтүктөрү | Расмий кат алмашуу | Өчүрүүгө чейин 5 күн мурда |
| Товарларды жана кызматтарды жеткирүүчүлөр | Долбоордун жана ЕРӨБын аткаруу талаптары жөнүндө маалымат | Тендердик документтер аркылуу | Тендердик процесстин жүрүшүндө |
| Жумуш издөөчүлөр | Жумуш орду тууралуу маалымат<br><br>Жумуш орду тууралуу маалымат аялдарга жана эркектер үчүн ачык | Коомдук каналдар аркылуу ар дайым бош орундарды жарыялоо | Долбоорду ишке ашыруу учурунда |

## F. Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү механизми

### F.1 Мекеме

Долбоордун кызыкдар тараптары менен үзгүлтүксүз жана системалуу байланышты камсыз кылуу үчүн, кызыкдар тараптар менен кызматташуу үчүн аймактык филиалдарда ыйгарымдуу адис дайындайт [*Эскертүү КТӨПын акыркы версиясынан өчүрүлөт: (i) региондук филиалдар үчүн КТӨПдан башка аталышты колдонулат(ii) Тиешелүү кызматкерлер ишке алынышы керек. Мекеме жаңы кызматкерлерди ишке алууга талап кылынбайт, бирок тандалган кызматкерге КТӨПнын аткарылышы үчүн жооптуу болушу керек].*

Дайындалган адис КТӨПын ишке ашыруу үчүн жооптуу болот. Жоопту адис КТӨПын үзгүлтүксүз жаңылатып жана маалыматы толуктайт, пикирлерди чогултат, ошондой эле келип түшкөн билдирүүлөргө жооп берет (электрондук почта, телефон же жекеме аркылуу).

КТӨПы боюнча адиси маалымат китепчелерин даярдайт, веб-сайтты жана аймактык филиалдын коммуникация каражаттарын жаңылоону уюштурат жана координациялайт.

КТӨПы боюнча адиси аймактык көп тираждуу гезиттер, радио жана телеканалдар менен байланыш түйүндөрүн аныктап, аларга долбоордун баштапкы маалыматы менен камсыз кылат жана пландаштырылган иш чаралар тууралуу маалымат таратуу тизмесине киргизет.

КТӨПы боюнча адиси долбоорлорго кызыкдар жарандык коомдун экологиялык жана социалдык уюмдарынын өкүлдөрү менен электрондук почта аркылуу байланыш түзөт, аларга долбоор жөнүндө баштапкы маалыматты берет, ошондой эле аларды маалымат таратуу тизмесине киргизет.

Адис төмөнкүлөрдү аткарат:

- Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү механизминин натыйжалуулугуна жыл сайын мониторинг жүргүзүү;
- Веб баракчага мониторинг жүргүзүү;
- Болжолдуу жооптордуж ана иш аракеттерди тактоо  жана дайындоо;

- Талаш-тартыштарды чечүүгө катышуу;
- Жылдык отчетту даярдоого жана экологиялык жана социалдык иш-чаралар планын ишке ашырууга көмөктөшүү.

### F.2 Ички мониторинг жана отчеттуулук

Жооптуу адис кызыкдар тараптар мене өз ара аракеттешүү планын натыйжалуу ишке киргизилишин уюштурат, контролдойт жана курулуш этабында ар бир жарым жылдыкта КУЭТ ДИАга отчет берип турат.
ДИЯ үчүн отчет төмөнкүлөрдөн турат:

- КТӨПга шилтеме берүү менен отчеттук мезгилде кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттерин көрсөтүү;
- Отчеттук мезгилдин ичиндеги статистика:
    - Веб-сайтка киргендердин саны
    - Телефон, электрондук почта аркылуу же компаниянын аймагында түздөн-түз алынган сурамдардын саны;
    - Өтүнүчтөрдүн негизги темалары;
    - Датануулардын саны.
    - Датануулардын негизги темалары

### F.3 Даттанууларды кароо механизми

Эгер кызыкдар тараптын даттануусу же нааразычылыгы болсо, КТӨПы боюнча адиси башкарган даттанууларды кароонун механизми же даттануулар менен арыздардын реестри аркылуу каралат. Максат – көйгөйлөрдү өз убагында чечүү.


Кызыкдар тараптар даттануусун түздөн-түз компаниянын имараттарына, компаниянын веб-сайтты же электрондук почта аркылуу тиешелүү адиске бере алышат. КТӨП боюнча адиси бардык даттанууларды маалыматтар базасына каттайт (2-таблица). Маалыматтар базасы даттанууларды кароо процессин контролдоого арналган. Бул механизм коомчулуктагы даттанууларды берүүнүн кадимки ыкмаларын жана жеткиликтүү укуктук системасын пайдалануу укугун чектебейт.

*2 таблица – Даттануулардын базасы*

| Даттануун ун ID | Аты жөнү / дареги | Суроо/ Даттануу | Жооп берүү ыкмасы | Жооп | Статус | Жооп менен канаттандыбы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2024.10.22.01 (Биринчи суроого жооп 22 октябрь, 2024 жылдын чейин берилет ) | | | Смс аркылуу | | Жооп берген мөөнөттү, жабылуу убактысы | Ооба/жок |

Даттанууга жараша КТӨП боюнча адис төмөндөгү блок-схемада көрсөтүлгөндөй, түздөн-түз жооп бере алат же компаниянын жетекчилигине кеңеш берүү үчүн кайрылат. Даттануу, аны берген тарап жоопко канааттанмайынча же төмөндө берилген даттанууларды кароонун андан аркы жол-жоболорун колдонууну чечмейинче, жабылбайт.

***1-сүрөт – Даттанууларды кароо механизми***



***3 таблица – Даттануунун формасы***

| | |
|---|---|
| **ДАТТАНУУНУН ФОРМАСЫ**<br>Кезектеги номери: | |
| Толук аты-жөнү<br>Эскертүү: *эгер кааласаңыз, анонимдүү бойдон калсаңыз болот же сиздин макулдугуңузсуз инсандыгыңызды үчүнчү жактарга ачыктабоону сурансаңыз болот* | Аты ________________________________________<br><br>Фамилиясы ________________________________________.<br>□ Даттануумду анонимдүү бергим келет<br>□ Инсандыгымды менин макулдугумсуз ачык айтпоону суранам |
| Байланыш маалыматтар<br><br>Сиз менен байланышуу үчүн Сиз каалаган ыкманы белгилеңиз (почта, телефон, электрондук почта) | Почта аркылуу: почта дарегиңизди көрсөтүңүз:<br>______________________________________________________________________<br>______________________________________________________________________<br>_______________________________________________<br>Телефон боюнча: _____________________________________________<br>Электрондук почта боюнча____________________________________________ |
| Кайсы тилде баарлашууну каалайсыз | Кыргызча<br>Орусча<br>Англисче |
| Даттанууну сыпаттоо: | Эмне болду? Кайсы жерде болду? Ким менен болду? Бул көйгөйдүн натыйжасында эмне болду? |
| | |
| Окуя болгон дата /даттануу берилген дата | |
| | Бир жолку окуя/даттануу (датасы ________________)<br>Бир эле жолу болгон жок (канча жолу? _____)<br>Уланууда (азыркы учурда көйгөй келип чыгууда) |
| Көйгөйдүн чечилиши үчүн эмне болушун каалайт элеңиз? | |
| | |

Кол тамгасы: Датасы:

Бул форманы КТӨП боюнча адиске кайтарып бериңиз
[Аты-жөнү жана байланыш маалыматтары]